УДК: 378.016.3: 37.091.12
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/1-476-482

**Шаршенова Д.С.**
география илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
sharshenova@list.ru

# ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА ПЕДАГОГДОРДУН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ: М.Р. РАХИМОВА АТЫНДАГЫ КОШУМЧА КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУНУН ТАЖРЫЙБАСЫ

**Аннотация.** Бул макала жогорку билим берүү системасында педагогдордун кесиптик өнүгүүсүн жана квалификациясын жогорулатуу маселелерин изилдөөгө арналган. Заманбап билим берүү шарттарында мугалимдердин компетенттүүлүгүн үзгүлтүксүз жана системалуу жогорулатуу негизги талап катары каралат. Бул процесс ар кандай курстар, семинарлар, тренингдер, инновациялык окутуу методдору жана санариптик технологияларды колдонуу аркылуу ишке ашырылат. Макалада педагогдордун кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүчү программалардын артыкчылыктары, тажрыйбалары жана эффективдүү ыкмалары талданат. Ошондой эле билим берүүнүн санариптик трансформациясынын таасири белгиленип, педагогдордун ролу заманбап коомдун талаптарына толук шайкеш келтирилет. Жыйынтыктоочу бөлүгүндө изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий жана практикалык мааниси баса белгиленип, анын негизги натыйжалары билим берүүнүн сапатын арттырууга, өнүгүү багыттарын аныктоого жана туруктуу прогресске өбөлгө түзөрү көрсөтүлөт.

**Негизги сөздөр:** жогорку билим берүү, педагогдордун квалификациясы, кесиптик өнүгүү, курстар, тренингдер, инновациялык методдор, санариптештирүү, окутуу технологиялары, мугалимдин компетенттүүлүг, билим берүү сапаты, окуу программасы, профессионалдык чеберчилик.

**Шаршенова Д.С.**
кандидат географических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ПОВЫШЕНИЕ КВАЛИФИКАЦИИ ПЕДАГОГОВ В УСЛОВИЯХ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ: ОПЫТ ИНСТИТУТА ДОПОЛНИТЕЛЬНОГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ ИМЕНИ М.Р. РАХИМОВОЙ

**Аннотация.** Данная статья посвящена исследованию вопросов профессионального развития и повышения квалификации педагогов в системе высшего образования. В условиях современного образования непрерывное и систематическое повышение компетентности преподавателей рассматривается как ключевое требование. Этот процесс реализуется через различные курсы, семинары, тренинги, инновационные методы обучения и использование цифровых технологий. В статье анализируются преимущества, опыт и эффективные подходы программ, направленных на развитие профессионального мастерства педагогов. Также рассматривается влияние цифровой трансформации образования и роль педагогов в

соответствии с современными требованиями общества. В заключении подчеркивается актуальность исследования, его научная и практическая значимость, а также то, что результаты способствуют повышению качества образования, определению направлений развития и обеспечению устойчивого прогресса.

**Ключевые слова:** Высшее образование, квалификация педагогов, профессиональное развитие, курсы, тренинги, инновационные методы, цифровизация, технологии обучения, компетентность учителя, качество образования, учебная программа, профессиональное мастерство.

**Sharshenova D.S.**
Candidate of geographical sciences
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## IMPROVING TEACHER QUALIFICATION IN THE CONTEXT OF HIGHER EDUCATION: EXPERIENCE OF THE M. R. RAKHIMOVA INSTITUTE OF CONTINUING PROFESSIONAL EDUCATION

**Abstract.** This article focuses on the issues of professional development and advanced training of educators in the higher education system. In modern education, the continuous and systematic improvement of teachers' competence is considered a key requirement. This process is carried out through various courses, seminars, trainings, innovative teaching methods, and the use of digital technologies. The article analyzes the advantages, experiences, and effective approaches of programs aimed at enhancing teachers' professional skills. It also examines the impact of digital transformation on education and the role of educators in meeting contemporary societal requirements. In conclusion, the study's relevance, scientific and practical significance are emphasized, showing that its results contribute to improving education quality, defining development directions, and ensuring sustainable progress.

**Keywords:** Higher education, teacher qualification, professional development, courses, trainings, innovative methods, digitalization, teaching technologies, teacher competence, education quality, curriculum, professional mastery.

Жогорку билим берүү системасында педагогдордун кесиптик деңгээлин жогорулатуу – билимдин сапатын камсыз кылуунун негизги факторлорунун бири. Билим берүүдүн сапаты түздөн-түз мугалимдердин компетенттүүлүгүнө, педагогикалык тажрыйбасына жана кесиптик көндүмдөрүнө байланыштуу. Учурда Кыргызстанда билим берүү тармагы инновациялык ыкмалар, заманбап технологиялар жана дүйнөлүк стандарттар менен шайкеш келүүсү талап кылынат.

Бул шартта мугалимдердин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу маселеси өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда.

Кыргызстанда педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнө байланыштуу көйгөйлөр көп. Алардын ичинде: мугалимдердин жаңыланган билимге жетүүсүнүн чектелгендиги, заманбап методикалык материалдардын жетишсиздиги, квалификациялык курстарга жеткиликтүүлүктүн аздыгы жана санариптик ресурстарды колдонуудагы кыйынчылыктар бар [2, 124 б.].

Ошондуктан педагогдорду кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу программалары билим берүү системасын өнүктүрүүнүн маанилүү инструменти болуп саналат.

Андан тышкары, дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, педагогдордун кесиптик өнүгүүсү алардын окуучулар менен иштөө сапатына түздөн-түз таасир этет. Мугалимдердин компетенттүүлүгү жогорку болгондо, студенттердин билим деңгээли да жогорулайт, окуу процесси интерактивдүү жана эффективдүү өтөт. Ошондуктан квалификацияны жогорулатуу программалары, тренингдер жана инновациялык ыкмалар педагогдорду заманбап билим берүү стандарттарына ылайык келтирүүгө жардам берет [3, 160б.].

Мына ушундай актуалдуу маселелерди чечүү үчүн И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин М. Р. Рахимова атындагы кошумча кесиптик билим берүү институту педагогдорду кайра даярдоо жана кесиптик өнүгүү жаатында ар түрдүү программаларды ишке ашырып келет. Бул институттун тажрыйбасы жогорку билим берүү системасында педагогдордун кесиптик деңгээлин жогорулатуунун эффективдүү мисалы катары каралат [6, 48б.].

Кыргызстанда педагогдордун кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана квалификациясын арттыруу билим берүү системасындагы өзгөчө маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Бул процессти уюштуруу жана жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Министрлиги тарабынан ишке ашырылат. МОН КРдин көрсөтмөлөрү, буйруктары жана программалары педагогдордун кесиптик өнүгүүсү үчүн мыйзамдык негиз түзөт.

Педагогдорду кайра даярдоо программаларынын негизги максаты – мугалимдерди заманбап билим берүү стандарттарына шайкеш келтирүү, алардын кесиптик компетенциясын жана педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу. Бул программалар теориялык билимди өркүндөтүүгө, практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, инновациялык методдорду өздөштүрүүгө жана санариптик технологияларды колдонууга багытталган [1, 104 б.].

Квалификацияны жогорулатуу – бул педагогдун кесиптик деңгээлин туруктуу жана системалуу жакшыртууга багытталган комплекс процесс. Бул процесс мугалимдин билим, көндүм, тажрыйба жана компетенциясын өркүндөтүү аркылуу окутуунун сапатын жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт. Квалификацияны жогорулатуу педагогдун кесиптик өсүшүн камсыз кылып, билим берүү методикаларын жаңылоого, инновациялык ыкмаларды колдонууга жана практикалык компетенцияларды өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Жалпы квалификацияны жогорулатуу системасы бир нече деңгээлде иштелип чыгат:

**Теориялык билимди өркүндөтүү** – билим берүү тармагындагы жаңы методологияларды, педагогикалык ыкмаларды жана илимий изилдөөлөрдү өздөштүрүү.

**Практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү** – теорияны окуу процессинде жана практикалык ишмердүүлүктө колдонуу, эффективдүү окутуу тажрыйбасын алуу.

**Компетенттик мамиле жана профессионалдык чеберчиликти жогорулатуу** – педагогдун проблемаларды чечүү жөндөмүн, лидерлик сапаттарын жана студенттер менен иштөө жумшак көндүмүн өркүндөтүү.

**Туруктуу кесиптик өнүгүү** – квалификацияны жогорулатуу туруктуу процесс катары каралып, педагогду үзгүлтүксүз билим алууга жана жаңы методдорду өздөштүрүүгө үйрөтөт.

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, Европа Биримдигиндеги жана Германиядагы педагогдорду кайра даярдоо системалары квалификациянын бардык аспекттерине багытталган. Бул өлкөлөрдө педагогдордун кесиптик өнүгүүсү мамлекеттик стандарттарга ылайык мониторингден өтөт, программалар теориялык жана практикалык компоненттерди

камтыйт, ошондой эле инновациялык методдорду, санариптик ресурстарды жана тажрыйба алмашууну өзүнө камтыйт. Натыйжада педагогдун кесиптик потенциалы максималдуу деңгээлге жетет, окуу процессинин сапаты жогорулайт [3, 160б.].

Квалификацияны жогорулатуу процесси ошондой эле педагогдун мотивациясын жана профессионалдык жоопкерчилигин күчөтөт. Педагог өзү окууга активдүү катышкан сайын, инновациялык идеяларды окуу процессине киргизүүгө, студенттер менен эффективдүү баарлашууга жана окуу сапатын жогорулатууга жөндөмдүү болот.

Бул концепция педагогдун кесиптик өсүшүн туруктуу жана системалуу камсыз кылып, билим берүү системасындагы сапатты жогорулатууга негиз түзөт. Квалификацияны жогорулатуу программалары, тренингдер жана кайра даярдоо курстары педагогдун билим деңгээлин жогорулатуу менен гана чектелбестен, анын студенттерге таасир этүүчү потенциалын кеңейтүүгө шарт түзөт.

Кыргызстанда квалификацияны жогорулатуу системасы ар түрдүү форматта ишке ашырылат:

**Курс жана тренингдер:** педагогдор үчүн атайын модулдук программалар аркылуу билим берүү.

**Семинарлар жана методикалык окуулар:** тажрыйба алмашуу жана заманбап методикаларды үйрөнүү максатында.

**Аралыктан окуу программалары:** санариптик платформалар аркылуу мугалимдерге ыңгайлуу графикте окуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

Ошондой эле, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу мамлекеттик стандарттар менен тыгыз байланыштуу. Бул стандарттар мугалимдин кесиптик деңгээлин аныктоого, үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүгө жана билим берүү сапатын баалоого мүмкүндүк берет. Натыйжада, квалификациясы жогорку деңгээлде мугалимдер гана билим берүү процессинде эффективдүү иштей алат, окуучулар менен сапаттуу баарлашып, заманбап методдорду колдонууга даяр болот [6, 48б.].

Кыргызстандагы билим берүү системасында квалификацияны жогорулатуу программалары акыркы жылдары активдүү өнүккөн. Айрыкча, М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институт педагогдорду кайра даярдоо жана кесиптик өнүгүү жаатында өлкө ичиндеги бирден-бир тажрыйбалуу мекеме катары өзгөчөлөнөт. Бул мекеме аркылуу педагогдордун квалификациясын жогорулатуу процесси системалуу жана натыйжалуу жолго коюлган [5, 281б.].

Институт педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнө багытталган көп түрдүү программаларды ишке ашырат. Бул программалар педагогдордун билимин өркүндөтүү менен катар, алардын практикалык көндүмдөрүн жана профессионалдык компетенциясын жакшыртууга багытталган.

Мугалимдер педагогикалык ыкмалар, сабактарды пландоо, баалоо системалары жана заманбап билим берүү стандарттары боюнча билим алышат. Курстар интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүп, теория менен практиканы бириктирүүгө шарт түзөт.

Институттун программалары заманбап санариптик технологияларга негизделген, педагогдорго аралыктан окуу мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Бул өзгөчө алыста жашаган мугалимдер үчүн жана иш графиги тыгыз педагогдор үчүн абдан ыңгайлуу. Онлайн платформалар аркылуу видео лекциялар, вебинарлар, тест жана практикалык тапшырмалар каралган.

Педагогдорду даярдоо процессинде компетенттик мамиле, практика-баарлашуу жана долбоордук окутуу методдору колдонулат. Бул методдор педагогдорду проблемаларды чечүүгө, окуучулар менен эффективдүү баарлашууга жана сабакта инновациялык ыкмаларды колдонууга үйрөтөт.

Соңку 11 жыл ичинде институттан 10000ге жакын педагог кайра даярдыктан өткөн. Педагогдордун кесиптик деңгээли жогорулап, алар инновациялык методдорду колдонууга жана окуу процессинде сапатты жакшыртууга мүмкүнчүлүк алышты.

**1- таблица. 2014–2025-окуу жылдарындагы квалификацияны жогорулатуу курстары боюнча салыштырма талдоосу**

| Окуу жылы | ЖОЖ | ОКОЖ | ЖББМ | МЧББУ | Башка мекемелер | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2014-15** | 267 | 95 | 74 | 167 | 96 | **699** |
| **2015-16** | 142 | 98 | 116 | 85 | 49 | **490** |
| **2016-17** | 203 | 136 | 201 | 172 | 28 | **740** |
| **2017-18** | 252 | 90 | 283 | 134 | 198 | **957** |
| **2018-19** | 318 | 137 | 64 | 73 | 143 | **735** |
| **2019-20** | 43 | 25 | 39 | 26 | 25 | **158** |
| **2020-21** | 91 | 25 | 26 | 61 | 12 | **215** |
| **2021-22** | 275 | 200 | 6 | 156 | 31 | **668** |
| **2022-23** | 75 | 18 | 116 | 25 | 48 | **282** |
| **2023-24** | 701 | 107 | 289 | 800 | 15 | **1897** |
| **2024-25** | 729 | 22 | 122 | 472 | 201 | **1546** |

ЖОЖ – Жогорку окуу жай
ЖБМ – Жалпы берүү мекемеси
МЧББМ – Мектепке чейинки бала бакча мекемеси




**1-диаграммада, 2014–2025-окуу жылдарындагы квалификацияны жогорулатуу курстары боюнча салыштырма талдоосу**

Кошумча кесиптик билим берүү курстары китепкана кызматкерлери үчүн квалификациясын жогорулатуу боюнча, педагогикалык эмес билим берүү багытында, жогорку педагогика мектебинде күндүзгү окутуу жана онлайн технологияларды колдонуу менен өткөрүлөт [5, 281б. ].

Кошумча кесиптик билим берүү "Жогорку мектептин педагогикасы" (окуу мөөнөтү: 1 жыл жана 5 ай) жана "Жогорку китепкана мектеби" (окуу мөөнөтү: 5 ай) багыттары боюнча. Төмөндө 2-таблица кошумча кесиптик билим берүү боюнча маалымат, ал эми 2-диаграма кошумча кесиптик билим берүү боюнча көрсөткүчтөр.

**2-таблица. Кошумча кесиптик билим берүү боюнча маалымат**

| Окуу жылы | «Высшая школа педагогики» | «Высшая библиотечная школа» |
|---|---|---|
| **2022-23** | 26 | 152 |
| **2023-24** | 16 | 116 |
| **2024-25** | - | 27 |
| **Жалпы:** | 42 | 295 |




**2-диаграма, Кошумча кесиптик билим берүү боюнча көрсөткүчтөр.**

Бул программалар педагогдордун билим деңгээлин жогорулатуу менен гана чектелбестен, алардын мотивациясын жана кесиптик активдүүлүгүн да арттырат. Мугалимдердин тажрыйба алмашуусу, командалык иштешүүсү жана практикалык көндүмдөрдү өркүндөтүүсү билим берүү системасында сапаттуу өзгөрүүлөрдү камсыздайт.

Институттун тажрыйбасы натыйжалуу болсо да, кээ бир көйгөйлөр бар.

Квалификацияны жогорулатуу программаларынын масштабын кеңейтүү жана жаңы технологияларды киргизүү үчүн каржылык мүмкүнчүлүктөр жетишсиз.

Материалдык-техникалык база жетишсиз. Ар кандай жабдуулар, санариптик ресурстар жана практикалык лабораториялар кээде жетишсиз.

Педагогдордун активдүүлүгү ар кандай. Бардык педагогдор окутууга бирдей кызыгуу көрсөтпөйт, бул программалардын натыйжалуулугуна таасир этет.

**Жыйынтык.** Келечекте санариптештирүү, онлайн ресурстарды кеңейтүү жана эл аралык кызматташтыкты күчөтүү аркылуу бул көйгөйлөрдүн көбү чечиле турганын институттун тажрыйбасы көрсөтүп турат. Эл аралык тажрыйба менен бөлүшүү, окутуучуларды семинарларга жана тренингдерге жөнөтүү натыйжаларды мындан ары да жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Педагогдордун квалификациясын жогорулатуу – жогорку билим берүүнүн сапатын жакшыртуунун негизги фактору.

И. Арабаев атындагы КМУнун М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун тажрыйбасын өлкөнүн башка ЖОЖдоруна жайылтуу керек. Бул педагогдордун кесиптик деңгээлин жогорулатууга жана билим берүү процесстерин модернизациялоого жардам берет.

Санариптештирүү жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү зарыл. Бул жаңы методдорду, технологияларды жана эл аралык стандарттарды педагогдордун практикасына киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Программаларды каржылоо жана материалдык-техникалык базаны чыңдоо зарыл, анткени бул эффективдүүлүктү жана масштабдуулукту жогорулатат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**


1. Абдраимова, Н. Кесиптик билим берүүнү санариптештирүү: Кыргызстандагы мугалимдердин тажрыйбасы. – Бишкек, 2023. – 104 с.
2. Асанов, Б. Инновациялык окутуу ыкмалары жана санариптештирүү: Кыргызстандагы практикалык аспектилер. – Бишкек, 2021. – 124 с.
3. Леднев, В. С. Үзгүлтүксүз билим берүү: түзүлүшү жана мазмуну. – М., 1988. – 160 с.
4. Мамбеталиева, С., Таштанова, К. Жогорку окуу жайлардагы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу программалары. – Бишкек, 2019. – 96 с.
5. Усенгазиева, Г. С., Шаршенова, Д. С. Кошумча кесиптик билим берүү замандын талабы // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – Бишкек, 2022. – № 4. – С. 281.
6. Шаршенова, Д. С., Усенгазиева, Г. С. Үзгүлтүксүз билим берүүдөгү андрагогикалык ыкмалар: Кыргызстандагы практикаларды талдоо // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – Бишкек, 2022. – № 4. – С. 48.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Усенгазиева Г.С.**